«БЕКИТЕМИН»
БатМУнун ректору, техн.и.д.,
проф. ___________ Зулпуев А.М.
«___» ___________ 2020-ж.

Баткен мамлекеттик университетинин

“Педагогикалык билим берүү”, “Филологиялык жана педагогикалык билим берүү” жана Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын “Тилдер” кафедралары менен биргелешкен отурумунун

**№ 1 ПРОТОКОЛУНАН**

**КӨЧҮРМӨ**

**Катышуучулар:**

1. Асипова Н.А.- п.и.д., проф. (13.00.01.);
2. Зулпуев А.М. - техн.и.д., проф. (05.23.01.);
3. Таиров М.М.- ф. - м.и.д., проф. (01.04.07.);
4. Кадыров А.А.- т.и.к., проф. м.а. (07.00.02.);
5. Айдарова М.Д.- п.и.к., проф. м.а. (13.00.01.);
6. Шеров Ш.Б. - т.и.к., доц.м.а. (07.00.02.);
7. Миралы к.А.- б.и.к., доц. м.а. (03.02.08.);
8. Машрабов А.А.- ф.и.к., доц. (10.02.06.);
9. Каранова Т.- п.и.к.,доц. (13.00.02.);
10. Мадумарова М.- п.и.к., доц. м.а. (13.00.02.);
11. Мурзалиева А.Ш.- ф.и.к., доц. м.а. (10.02.01.);
12. Кошматова Ж.Ж.- ф.и.к., доц. м.а. (10.02.01.);
13. Тешебаев М.- п.и.к., доц. м.а. (13.00.01.);
14. Азимбаев Б.- п.и.к., доц. м.а. (13.00.01.);
15. Максутов З.- п.и.к., доц. м.а. (13.00.01.);
16. Бердиев А.Т.- т.и.к., доц. (02.00.07.);
17. Абдуллаев Р.- п.и.к., доц. (13.00.02.);
18. Саматова А.А.- б.и.к., доц. м.а. (03.02.08.);
19. Момунова Г.А.- б.и.к., (03.02.08.); (06.01.07.);
20. Бөрүбаева Г.Н. - э.и.к., доц. м.а. (08.00.05.);
21. Эргешали к.А.- п.и.к. (03.00.01);
22. Ысмаилова А.М.- ага окутуучу;
23. Таиров К.А. - ага окутуучу;
24. Кадыров А.- ага окутуучу;
25. Эргешали к.А.- ага окутуучу;

26. Абдиева А.М.- ага окутуучу;
27. Дооранов Н.А. - ага окутуучу;
28. Эшалиев Т.Э. - юрист;
29. Халилова Т.- окутуучу;
30. Тажибаева У.К.- ага окутуучу;
31. Асанова С.А. - окутуучу;
32. Жороева Р. – окутуучу;
33. Кабулова Ж.Т. - "Гуманитардык илимдер жана педагогика" каф.баш.
34. Көкчөева С. – "Филологиялык билим берүү" каф. баш.

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

Изденүүчү **Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын "ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери"** темасындагы 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо.

Илимий жетекчиси - **Рысбаев Сулайман Казыбаевич**, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Билим берүү академиясынын "Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү" лабораториясынын башчысы.

Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын диссертациялык ишинин темасы БатМУнун Окумуштуулар Кеңешинин **2013-жылдын 30-октябрындагы №2** Протоколу менен бекитилген.

**Жыйындын төрагасы** күн тартибиндеги маселе менен тааныштырып, диссертациялык иштин негизги бөлүктөрү менен тааныштыруу үчүн сөздү А.Э.Нажимидиновага берди.

**Изденүүчү А.Э.Нажимидинова** диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын баяндады.

**Жыйындын төрагасы:**

- Изденүүчүнүн мазмундуу баяндамасы үчүн ырахмат! Катышуучулар изденүүчүгө суроолор бар болсо берсеңиздер.

## ТАЛКУУЛООНУН ЖҮРҮШҮНДӨ ИЗДЕНҮҮЧҮГӨ ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ СУРООЛОР БЕРИЛДИ:

**Асипова Н.А., п.и.д., профессор:**

- Этнопедагогикалык компетенттүүлүк дегенди кандай түшүндүрүп бере аласын? Илимий ишиндин актуалдуулугу эмнеде?

**Изденүүчү А.Э.Нажимидинова:**

- Суроонузга ырахмат!

**1.** Этнопедагогикалык компетенттүүлүк - бул тарыхый эс тутуму, инсандык нарк-нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү жогору, өзүнүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим туюмдары жана реалдуу иш-аракеттери менен айырмаланган инсандарды тарбиялоо жаатындагы мугалим үчүн зарыл билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн тутуму десек туура болчудай.

**2**. Коомду рухий - адептик жактан түптөө социалдык талапка негизделген. Бүгүнкү күндөгү ааламдашуунун жана интернеттештирүүнүн, маалымат технологиялары дүркүрөп өнүккөн кезде билим берүү жараянын жаңылоо, кыргыз элинин улуттук дөөлөттөрү менен жалпы адамзаттык баалуулуктарын көтөрүп чыгуу жана аларды кийинки муундарга жеткирүү, жаш муундардын энчисине айландыруу актуалдуу маселе болуп саналууда. Бул маселени чечүүдө элдик педагогиканы мыкты билген квалификациялык даярдыгы бар мугалимдер чоң роль ойнойт. Мына ушуга байланыштуу инсандык нарк-нускасы жетик,өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү жогору болгон жана билим берүү процессинде колдоно билген компетенттүү мугалимдерди ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде даярдоонун зарылчылыгы келип чыкты.

**Кошматова Ж.Ж., ф.и.к., доценттин м.а.:**

- Компетенция термини тууралуу түшүндүрмө бере аласызбы?

**Изденүүчү А.Э.Нажимидинова:**

- Суроонузга ырахмат!

Компетенция деген термин латын тилинен алынып, «compotens» - бизче которгондо – «билгичтик», «жөндөмдүүлүк», «ишкердик», «шайкештик» деген түшүнүк берет. Демек, бул жерде биз белгилүү деңгээлде кандайдыр бир тармак боюнча өзүнүн ар тараптуу терең билими, тажрыйбасы, интеллектуалдык деңгээли, этномаданияты жогору, айлана чөйрөсүндөгү адамдардан ушул мүнөздүк касиеттери менен айырмаланган инсанды айтабыз.

**Кадыров А.А., т.и.к., доцент:**

- Кайсы сапаттар этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн критерийлери болушу мүмкүн?

**Изденүүчү А.Э.Нажимидинова:**

- Суроонузга ырахмат!

Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда компетенциялардын өзөгүндө миңдеген муундардын акыл дарамети аркылуу нечен ирет алымчаланып-кошумчаланып, асылдандырылып, нечен кылымдык сыноолордон өтүп олтуруп азыркы абалга жеткен түптүү элдик гуманисттик идеялар жатышы зарыл. Ошондуктан элибиздин бүт күч-аракети жаш муундарыбыздын “адам болуусуна” жетишүүгө багытталган. Эмесе ошол идеалдуу адамды тарбиялоого ылайык жакшы сапаттарды же этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн критерийлерин жазып чыгабыз. Алсак: улуттук тилдин нарктуулугун сактай билүү; каада-салттарды, үрп-адаттарды өнүктүрүү; улуттук кийимдерди барктоо; кол өнөрчүлүктү, маданий мурастарды сактай билүү; салттуу, нарктуу, меймандос, эр жүрөк, мекенчил, намыскөй, кайраттуу, жаратман, боордош, максаттуу, гумандуу, ынтымактуу, нускалуу ж.б. у.с.

**МурзалиеваА.Ш., ф.и.к., доценттин м.а.:**

- Кандай накыл кептердин үстүндө практикалык иштерди жүргүздүнүздөр? Мисал келтирсеңиз.

**Изденүүчү А.Э.Нажимидинова:**

- Суроонузга ырахмат! Кыргыз элинин накыл сөздөрү - элдик ой-туюм менен бирге, эс-акылдын өсүп жетилишин келечек ээлери болгон балдарга билимде, тажрыйбада, мамиледе жана башка жөрөлгөлөрдө сактоо менен өткөрүп берүүдө негизги курал катары баа жеткис мааниге ээ.

Жалпысынан алганда, накыл кептердин табиятына карасак, алар үйдөгү аял-эркекке, жаш балага, тамак-ашка, мал-жанга, үй тиричилигине, кийим-кечеге, жүрүм-турумга, идиш-аякка, убакыт, маал-мезгилге, жакшылык-жамандыкка, табиятка, ден соолукка байланыштуу айтылгандары бар. Мисалы:

*Аксакал карынын жолун кыя өтпө.*

*Адамдын үстүнөн аттаба.*

*Адамга аркаңды салып олтурба.*

*Акты жерге төкпө.*

*Атка тескери карап минбе.*

*Бала жатпаган кур бешикти терметпе.*

*Балапанды өлтүрбө.*

*Баш кийимди белекке бербе.*

*Бейитти колуң менен көргөзбө.*

*Ушак сүйлөбө, ууру кылба.*

*Чымчыктын уясын бузба.*

*Булактын көзүн булгаба*

*Бутуңду жип менен тушаба.*

*Бүрдөп турган бакты кыркпа.*

*Босогону эки колуң менен кулачтаба.*

*Улуу адамды кагып-силкпе*

*Босогодон аттабай туруп, салам бербе.*

*Дасторконду тебелебе.*

*Калп сүйлөбө, каяша айтпа*

*Нанды талаага таштаба*

*Тамак куюлган идишти сол колуң менен сунба.ж.б.*

Ушул сыяктуу накыл кептер, алардын мазмунундагы элдик акылмандуулук этнопедагогикалык компетенттүүлүктү калыптандыруунун мыкты каражаты боло алат.

**Абдуллаев Р. - п.и.к., доцент:**

- Этнопедагогикалык изилдөөлөр канчанчы кылымдарда жөнгө салына баштаган?

**Изденүүчү А.Э.Нажимидинова:**

- Сурооңузга ырахмат! 19-кылымдын экинчи жарымынан баштап изилдене баштаган элдик оозеки чыгармалар адабият таанууда, философиялык, тарыхый эмгектерде этнографиялык булак катары гана каралса, 20-кылымдын орто ченинен баштап элдик оозеки чыгармалар, элдик таалим-тарбиянын үлгүсү этнопедагогикалык каражат катары изилдөөнүн объектисине айлангандыгын алгачкылардан болуп элдик оозеки чыгармачылыкты жыйноону К.Рахматуллин, Ы.Абдырахманов, Т.Байжиев, З.Бектенов, Х.Карасаев, К.Юдахин, Ж.Ашуубаев, С.Чекменов, Ж.Таштемиров, Б.Керимжанова, М.Багданова, М.Мамыров, С.Закиров, Ш.Усупбеков, Ж.Төлөев, Ж.Мамбеталиевдер болсо, кийин ушул көчтү улантып, элдик фольклорго теориялык изилдөөлөрдү алгачкылардан болуп жүргүзгөндөрдөн: К.Тыныстанов менен Х.Карасаев, П.Поливанов, Б.Юнусалиевдер болсо, андан кийин Т.Саманчин, С.Мусаев, Ж.Таштемиров, Ж.Субанбеков, М.Мамыров, А.Сыдыков, С.Жигитов, А.Эркебаев, А.Акматалиев, М.Түлөгабылов, М. Сулаймановдор болушту.

**Каранова Т. - п.и.к., доцент:**

- Элдик педагогиканын илимий педагогикадан артыкча башкы касиети эмнеде?

**Изденүүчү А.Э.Нажимидинова:**

- Сурооңузга ырахмат! Элдик педагогиканын илимий педагогикадан артыкча башкы касиети - демократиялуулук. Чындыгында, эл, элдүүлүк, демократия - мазмуну бирдей өтмө катыш, түгөй түшүнүктөр.

Баарыбызга белгилүү, илимий педагогикалык акыл-эс түздөн-түз педагогдорго гана арналат, башкача айтканда, педагогдор үчүн гана педагогика. Ал эми элдик педагогика бөбөктөрдөн баштап өбөктөгөн карыяларга чейин, баарына тиешелүү, баарына түшүнүктүү билим, өрнөктүү тажрыйба. Анын мазмуну жалпы журттун максат-мүдөөлөрүнө төп жана ортоктош. Ошондуктан, элдик педагогика эчен кылым бою бүткүл улуттун оюна айбат, боюна кайрат берип, анын рухун асылдандырып, белгилүү өлчөмдө улуттук идеологиянын милдетин өтөп келген.

**Мадумарова М. - п.и.к., доценттин м.а.:**

- Элдик педагогикалык идеялар кандай себептерге ылайык өнүгүп-өсүп, ылганып, өзгөрүп турат?

**Изденүүчү А.Э.Нажимидинова:**

- Рахмат! Элдик педагогикалык идеялар, адат-салттар, жөрөлгөлөр элдик керектөөлөрдөн улам пайда болгон. Ал учур талабына ылайык өсөт, өнүгөт жана муундан муунга сакталып мурас катары өткөрүлүп берилет. Биринчиден, элдин керектөөсүнө шайкеш келген рухий-педагогикалык нарк-дөөлөттөр гана элдин салттуу ишенимине, идеалына айланат. Экинчиден, элдин рухий практикалык, турмуштук талаптарынын улам өсүшү жаңы педагогикалык табылгаларды, тажрыйбаларды жаратат, өнүктүрүп өстүрөт.

## ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨНДӨР:

**Асипова Н.А., педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

А.Э.Нажимидинованын **"ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн клыптандыруунун илимий-методикалык негиздери"** темасындагы 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын иши толук бүтүрүлгөн, өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп эсептелет. Изилдөө процессинде

изилдөөнүн темасы боюнча педагогикалык жана методикалык адабияттарды илимий-теориялык жактан анализдөө иштери жүргүзүлгөн. Учурда жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклору филологиялык гана максатта окулуп келатканы маалым. Ошондуктан, анын таалим-тарбиялык маани-маңызын туура түшүнүү жана ал аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыгып практикада колдонуу үчүн сунушталбагандыгы аныкталган.

Аталган көйгөйдү чечүү үчүн студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруудагы иштердин формаларын, методдорун жана каражаттарын аныктоо жана аларды практикага киргизүү сунушталган.

Диссертациянын курамы 3 главадан турат. “Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы жана анын ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн абалы” деп аталган биринчи главада  кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызы, анын изилденишинин жана ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим- тарбиялык функциялары тууралуу кеп болгон.

Экинчи глава “Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерде этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору” деп аталуу менен изилдөөнүн материалдары жана методдору, эксперименттик материалдардын мазмуну, эксперименттик методдун уюштурулушу, анын жүрүшү жана жыйынтыктары камтылган.

Үчүнчү глава “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору” деп

аталып, студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору, балдар ырлары, калптары, табышмактары жана жаңылмачтары аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу, элдик накыл кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу, ошондой эле элдик жомоктор, уламыштар жана аңыз кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу маселелери каралганын байкадык.

Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары каралып, аны изилдөө иш-чараларынын натыйжалары сунушталганын таблицалардан көрүнүп турат. Изилдөөнүн эксперименттик тажрыйбасынын базасы болуп *ОшМПИ, ЖАМУ, ОшМУ, БатМУнун* педагогикалык факультеттери алынган.

Корутундуда изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары жана практикалык сунуштар көрсөтүлгөн.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы:** Изденүүчүнүн, учурдагы ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыздын балдар фольклорун филологиялык гана максатта эмес, анын өзөгүндө жаткан этнопедагогикалык таалим-тарбия берүүнүн маани-маңызын, функциясын, анын этнопедагогикалык мүнөздөмөсүн тактоо менен, аны жүзөгө ашыруунун формаларын, методдорун,технологиясын аныктагандыгы.

Иштин апробациясы тастыкталган автордун эмгектеринин саны да, сапаты да кандидаттык диссертацияларга жүктөлүүчү талаптарга толук жооп берет. Жактоого коюлуучу негизги жоболор илимий жактан туура жана негиздүү.

Ой пикирлери логикалуу. Иштин натыйжаларын практикада колдонууга болот. Изилдөөнүн жыйынтык-натыйжалары 13.00.02.-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине туура келет. Илимий иштин темасынын актуалдуулугуна жана

экспериметтик иштерине толуктоолорду киргизүү менен талкууларга коюга, коргоого сунуштаймын.

**Таиров М.М., физика-математика илимдеринин доктору, профессор:**

Мен да диссертацияны карап чыктым. Азыркы учурдун талабына ылайык маселени көтөргөн. Аталган диссертациялык иш үч баптан турат, ар бир бап өз ичинен бөлүмдөргө бөлүнүп, ар бир бапка корутунду берилген, тиркемелер тиркелген. Диссертациянын структурасы ЖАКтын жобосуна дал келет, темасы жакшы тема, кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берет, иш толугу менен аткарылып бүткөн. Киришүүсү менен эксперименттик иштерине толуктоолорду киргизүүнү сунуштаймын.

Диссертациянын курамы 3 баптан турат. Биринчи бап "Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы жана анын ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн абалы" деп аталып изилдөөнүн биринчи милдетинин чечилиши баяндалган. Студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрү, билимдери жана турмуштук көндүмдөрү иликтөөгө алынган. Темага байланыштуу илимий-теориялык, методикалык эмгектер үйрөнүлүп жалпылаштырылган.

Экинчи бап: "Педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктыктары" деп аталып эксперимент жүргүзгөндө алынган жыйынтыктар" тууралуу маалымат берилген. Экспериментти жүргүзүүнүн масаты, мазмундары аныкталган. Болочоктогу педагогдорду тарбиялоодо элдик акылмандуулуктун идеяларынан пайда болгон мазмуну терең макал-лакпатар, табышмактар, санат-насыяттар, жомоктор, мифтерди пайдалануу аркылуу өздөрүндө жок адамдык сапаттарды калыптандырууга шарт түзүлөт, ошону менен бирге эле мурдагы муундар калтырып кеткен турмуштук тажрыйбаларды, көп кылымдык сыноодон өткөн акыл ойлорду илимий теория менен бирге кароого көнүгүшөөрү маалымдалган.

Үчүнчү бап: "ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык

компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору" деп аталып, анда студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору, балдар ырлары, калптары, табышмактары жана жаңылмачтары аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу, элдик накыл кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу, ошондой эле элдик жомоктор, уламыштар жана аңыз кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу маселелери каралган.

Корутундуда изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары жана практикалык сунуштар көрсөтүлгөн. А.Э.Нажимидинованын диссертациялык иши толугу менен аткарылып бүткөн, бул иште билим сапатын көтөрүүгө жардам бере турган жакшы ойлор, окутуунун формалары, методдору, каражаттары берилип, ЖАКтын жобосуна ылайыкташтырылган, коргоого сунуштаймын.

**Каранова Т. - п.и.к., д.:** Диссертациянын курамы 3 главадан турат. "Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы жана аны ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн абалы" деп аталган биринчи главада кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызы, анын изилденишинин жана ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары тууралуу кеп болгон. Диссертациянын жазылышы, структуралык түзүлүшү ЖАКтын жоболоруна дал келет, айрым орфографиялык каталарын ондоп, интегралдарын ЖАКтын жобосуна карата ылайыкташтырса кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берет. Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде окуп, билим алып жатышкан студенттер балдар фольклорунун өзөгүндө катылып жаткан этнопедагогикалык компетенцияларды мүнөздөп, талдап жаш

муундарды тарбиялоодо этнопедагогикалык билим, билгичтиктерге ээ болуусу зарыл. Элибиздин бүт күч-аракети жаш муундарыбыздын “адам болуусуна” жетишүүгө багытталган. Ошондуктан илимий иштин мазмунуна этнопедагогикалык компетентүүлүктүн критерийлерин дагы кошумчалап толуктоолор менен жактоого сунуштаймын.

**Машрабов А.А. - ф.и.к., д.:**

Үчүнчү глава “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору” деп аталды да студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору, балдар ырлары, калптар, табышмактар жана жаңылмачтар аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу, элдик накыл кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу, ошондой эле элдик жомоктор, уламыштар жана аңыз кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу маселелери каралганын байкадык. Болочок мугалимдердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптадырууда баалоонун критерийлерижана илимий адабияттар боюнча толуктоолорду кошумчалап илимий ишти толуктоо менен жактоого сунуштаймын.

**Мурзалиева А.Ш., ф.и.к., доценттин м.а.:** Диссертация толугу менен аткарылып бүткөн, жогорку айтылган сунуштар менен диссертацияга толуктоолор киргизилсин, диссертацияны коргоого сунуштаймын.

П.и.к.доцент М.Д.Айдарова, п.и.к., доцент Р.Абдуллаев, ф.и.к. Ж.Ж.Кошматова, п.и.к., доцент М.Тешебаев, п.и.к., доцент Б.Азимбаев, п.и.к.З.Максутов, т.и.к., доцент А.Т. Бердиев, б.и.к. доценттин м.а., А.А.Саматова, б.и.к., доценттин м.а., Г.А.Момунова, э.и.к., доценттин м.а. Г.Н.Бөрүбаева, п.и.к. Эргешали к.А., ага окутуучу М.А.Ысмаилова, ага окутуучу К.А.Таиров, ага окутуучу А.А.Кадыров, ага окутуучу А.А.Абдиева,

ага окутуучу Н.А.Дooранов, п.и.к. Т.Т.Халиловалар жарыш сөзгө чыгышты жана бардыгы бир оздон кандидаттык диссертациялык иш толугу менен аткарылып бүткөндүгүн, ЖАКтын жоболорунун талаптарына жооп берерин айтышып, диссертациялык ишти коргоого сунуштаашты.

**Изденүүчү А.Э.Нажимидинова**: -Рахмат! Айтылган сын-пикирлерди эске алып, жогоруда айтылган жакшы сунуш, пикирлерди карап чыгып, коргоого чейин диссертациялык ишке толуктоолорду киргизебиз. Баарыңыздарга ыраазычылык билдиремин.

Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын "ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери" темасындагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча

**БҮТҮМ:**

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Коомду рухий - адептик жактан түптөө социалдык талапка негизделген. Бүгүнкү күндөгү ааламдашуунун жана интернеттештирүүнүн, маалымат технологиялары дүркүрөп өнүккөн кезде билим берүү жараянын жаңылоо, кыргыз элинин улуттук дөөлөттөрү менен жалпы адамзаттык баалуулуктарын көтөрүп чыгуу жана аларды кийинки муундарга жеткирүү, жаш муундардын энчисине айландыруу актуалдуу маселе болуп саналууда. Бул маселени чечүүдө элдик педагогиканы мыкты билген квалификациялык даярдыгы бар мугалимдер чоң роль ойнойт. Мына ушуга байланыштуу инсандык нарк-нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү жогору болгон жана билим берүү процессинде колдоно билген компетенттүү мугалимдерди ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде даярдоонун зарылчылыгы келип чыкты.

Демек, тарбиялоонун этникалык аспектилерин өздөштүрүү аркылуу жаш муундарга билим-тарбия берүү идеяларын бүгүнкү күндө дагы өнүктүрүүнү, жайылтууну туура көрдүк.

Азыркы экономика окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн көрсөткүчтөрүнө таянат. Ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүктө турмуштук маселелерди туура чечүү, чет тилдерде баарлаша алуу, улуттук нукуралуулукту билүү, информациялык технологияларды колдоно алуу чеберчиликтери талап кылынууда. Жыйынтыгында компетенттик мамилени окутуу кезектеги билим берүү тармагындагы чоң жетишкендик болоору аныкталды.

Компетенттүү мамиле менен окутуу учурдун талабы экендигин азыркы билим берүү тармагында ансыз реформалардын, концепциялардын, идеялардын турмушка ашырылуусу ийгиликсиз болоору белгиленүүдө. Мурда пайдаланылып келген идеяларды, көз караштарды жана азыркы мезгилдеги актуалдуу альтернативалык мамилелер, ички көйгөйлөр талкууланып отуруп учурдагы заман талабына ылайык «компетенттүү мамиле» деген жаңы моделдин кураштырылышына негиз болду.

Жогорудагы ойлорго таянып, педагогикада компетенттүү мамиле боюнча кээ бир маанилүү элементтерди белгилейбиз:

1. Жеке адамдын же коомдун өнүгүшү компетенттик мамиленин табигый көрүнүшү экендигин далилдеген педагогикалык концепциялар, идеялар, психологиялык билим берүүлөр көбөйүүдө. Ошондуктан компетенция - дүйнө - көз караштык, интеллектуалдык, коммуникативдик, методикалык жана түрдүү билимдерди камтыган билим берүү тармагы болуп саналат;

2. Копетенттүү мамиленин категориялык базасы - максаттуу багыттагы жалпы, жогорку деңгээлдеги жөндөмгө, адатка үйрөтүү идеялары менен тыгыз байланышта болот.

Компетенттик мамиленин ичинде негизинен эки түрдүү базалык түшүнүк бар экендиги аныкталган. Алар «компетенция» жана

«компетенттүүлүк». Эми бул сөздөрдүн маанилик, мазмундук түшүнүктөрү жөнүндө бир аз токтолуп өтөлү.

**Компетенттүүлүк** - латын сөзүнөн алынып - «жөндөмдүү, чечкиндүү» дегенди түшүндүрөт. Түрдүү маселени талашсыз пикир менен баалоочу билимге жана тажрыйбага ээ болгон адам. «Компетенттүүлүк» - бул түрдүү ишмердүүлүккө киришүүгө адистин даярдыгы менен аныкталат.

Ал эми **«компетенция»** - латын сөзүнөн алынып - «жетишем, талапка туура келемин» деген көп маанилүү сөздөрдөн турат. Бул жалаң эле окуу, колунан келүү, үйрөнүү жагы менен чектелбестен жүрүш-турушу, байкоосунун баалуулугу, адаты, тажрыйбасы жана башка ушул сыяктуу адамдын бири-бирине байланышкан сапаттарынын жыйындысы. Алар белгиленген процесстер жана предметтер болгон мамилелерден белгиленет. Ал талабына туура келген мамилени колдонуу. Биз бул оюбузду улантып орус элинин окумуштуусу А.М.Ароновдун компетенттүүлүк жөнүндө мындай деген оюн мисал келтирели: « Компетенттүүлүк - бул түрдүү ишмердүүлүккө киришүүгө адистин даярдыгы менен аныкталат».

Башкача айтканда, компетенттүүлүк - бул адамдын коом үчүн кандайдыр маанилүү маселелердин же көйгөйлөрдүн чечилишине багытталган иш-аркеттеринин эффективдүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна баа берүүнүн негизинде ага карата берилген мүнөздөмө. Демек, адамга компетенттүү деп мүнөздөмө берүү - бул аны социалдык жактан таануу экендигине ынанабыз.

Учурдагы кыргыз коому ааламдашуунун таасиринде бир жагынан батыштык массалык маданияттын катуу таасиринде калса, экинчи жактан кылымдар бою улутубузду улут катары сактап келген улуттук маданияттын таасиринде турат. Бул эки багыт жаш муундардын адамзаттык, рухий адеп-ахлактык сапатын калыптандырууда ар дайым эле бир максатты көздөбөйт. Кыргыз элинин келечеги - мына ушул таасирлерди бир нукка буруп, элдик тарбияны өзүнө сиңирүү менен дүйнөлүк цивилизациянын оң жактарын кабыл ала билген компетенттүү инсандын тарбияланышында. Коомдогу

мындай көйгөйлүү кырдаал эң биринчи кыргыз улуттук педагогикасынын алдына адамзаттык, рухий адеп-ахлактуу, мекенчил, улуттун келечи үчүн кайдыгер карабаган, баба салты жана эне адебине суугарылган, улуттук баалуулуктарын баалай билген же этнопедагогикалык копетенттүүлүккө ээ адамды тарбиялап, өстүрүү деген чоң милдетти жүктөдү. «Мына ушундан улам бүгүн эгемендүү Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз, тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата-Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшыраары анык болуп калды. Таза ыйман, айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий адептик тарбиясын колго алуу, анын концепциясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү өлкөбүздүн маштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы болуп отурат.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар же илимий мекемелердин илимий-изилдөө иштери менен байланышы:** Илимий иш Баткен мамлекеттик университетинин Табият таануу жана педагогика факультетинин “Педагогикалык билим берүү” кафедрасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышкан.

Жогорку айтылгандардын негизинде бүтүм добушка коюлду: “макул”-34, “каршы, калыс” - жок. Бүтүм бир добуштан кабыл алынды.

Баткен мамлекеттик университетинин “Педагогикалык билим берүү”, “Филологиялык жана педагогикалык билим берүү” жана “Педагогика жана дене тарбия” кафедраларынын биргелешкен отуруму Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын

“ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери” аттуу 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине болгон талкуунун негизинде жыйын

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. **Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери”** аттуу кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүм бекитилсин;
2. **Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын “ ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери”** темасындагы 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши коргоого сунуш кылынсын.

**Отурумдун төрагасы, ф-м.и.д., профессор : Таиров М.М.**

**Отурумдун катчысы, п.и.к.: Эргешали кызы А.**

Ф-м.и.д., профессор М.М.Таировдун
жана п.и.к. А. Эргешали кызынын
колдорун тастыктаймын.
БатМУнун Кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Абдуллаева С.

Баткен мамлекеттик университетинин “Педагогикалык билим берүү” кафедрасынын ага окутуучусу Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери” – аттуу диссертациялык ишин талкуулоо үчүн “Педагогикалык билим берүү”, “Филологиялык жана педагогикалык билим берүү”, “Педагогика жана дене тарбия” кафедраларынын биргелешкен отурумунун катышуу барагы

| № | Окутуучунун Ф.А. | Ээлеген кызматы | Окутуучунун колу |
|---|---|---|---|
| 1 | Зулпуев А.М. | техн.и.д., профессор | |
| 2 | Асипова Н.А. | п.и.д., профессор | |
| 3 | Таиров М.М. | ф.м.и.д., профессор | |
| 4 | Кадыров А.А. | т.и.к., профессордун м.а. | |
| 5 | Айдарова М.Д. | п.и.к., профессордун м.а. | |
| 6 | Шеров Ш.Б. | т.и.к., доцент | |
| 7 | Миралы кызы Анара | б.и.к., доценттин м.а. | |
| 8 | Машрабов А.А. | ф.и.к., доцент | |
| 9 | Кошматова Ж.Ж. | ф.и.к., доценттин м.а. | |
| 10 | Тешебаев М. | п.и.к., доцент | |
| 11 | Азимбаев Б. | п.и.к., доцент | |
| 12 | Максутов З. | п.и.к., доценттин м.а. | |
| 13 | Каранова Т.Н. | п.и.к., доцент | |
| 14 | Бердиев А.Т. | т.и.к., доцент | |
| 15 | Абдуллаев Р. | п.и.к., доцент | |
| 16 | Саматова А.А. | б.и.к., доценттин м.а. | |
| 17 | Момунова Г.А. | б.и.к., доценттин м.а. | |
| 18 | Мурзалиева А.Ш. | ф.и.к., доценттин м.а. | |
| 19 | Бөрүбаева Г.Н. | э.и.к., доценттин м.а. | |
| 20 | Эргешали к. Айчүрөк | п.и.к., ага окутуучу | |
| 21 | Ысмаилова А.М. | Ага окутуучу | |
| 22 | Таиров К.А. | Ага окутуучу | |
| 23 | Кадыров Акжол | Ага окутуучу | |
| 24 | Нажимидинова А.Э. | Ага окутуучу | |
| 25 | Эргешали к.Актилек | Ага окутуучу | |
| 26 | Абдиева А.М. | Ага окутуучу | |
| 27 | Дооранов Н.А. | Ага окутуучу | |
| 28 | Жороева Д. Т. | Окутуучу | |
| 29 | Кокчоева С.А. | Окутуучу | |
| 30 | Исмаилов Т. Ж. | юрист | |
| 31 | Мадумарова М.К. | п.и.к. доц.м.а | |
| 32 | Камилова Т.Т. | | |
| 33 | Ташибаева У.К. | ага окутуучу | |
| 34 | Жабулова Ж.Т. | „Гум.жыр.пед" каф.баш. | |
| 35 | Асанова С.А. | окутуучу | |